«БЕКИТЕМИН»
К. Карасаев атындагы БМУнун,
илимий иштери боюнча проректору,
профессор Мурзахмедова Г.М.

«10» май 2024 ж

К. Карасаев атындагы Бишкек Мамлекеттик Университетинин
"Экономикалык программа жана башкаруу" кафедрасынын отурумунун
№14 протоколунан

# КӨЧҮРМӨ

**08 - май 2024-ж.**

**Отурумдун төрайымы – Рысалиева Г.О.**
**Отурумдун катчысы – Сманова А.Б.**

**Катышкандар:** э.и.к., доцент Рысалиева Г.О. (08.00.01); э.и.д., профессор Савина С.Е. (08.00.05); э.и.д. доцент Калманбетова Г.Т. (08.00.05); э.и.к. доцент Даутов Я.У. (08.00.05); э.и.к. доцент Гапурбаева Ш.Р. (08.00.05); э.и.к. доцент Ражапбаева М.А. (08.00.05); э.и.к. доцент Таранова Е.В. (08.00.01); э.и.к. Сайфудинов Б.Н. (08.00.05); э.и.к. доцент Алимбеков К.А. (08.00.05); э.и.к. доцент Усоналиева Д.А. (08.00.01); э.и.к. доцент Мамытов А.С. (08.00.01); ага окутуучу Токтосунова З.К., ага окутуучу Жакшылык кызы Райма, ага окутуучу Шамбетова Н.А., ага окутуучу Сманова А.Б., окутуучу Абдыраимова Ж.Д., окутуучу Турусбекова Г.Т.
**Чакырылган эксперт:** э.и.д., профессор Джумабаев К.Дж. (08.00.05).
**Илимий жетекчиси:** э.и.д., профессор Атышов К.А. (08.00.05).

## КҮН ТАРТИБИ

1. К. Карасаев атындагы Бишкек Мамлекеттик Университетинин "Экономикалык программа жана башкаруу" кафедрасынын аспиранты Асанова Кымбат Туратбековнанын 08.00.05 – тармактык экономика адистиги боюнча "Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу" темасында кандидаттык диссертациясын талкуулоо.

## УГУЛДУ:

**Отурумдун төрайымы:** кафедранын отурумунда Асанова Кымбат Туратбековнанын 08.00.05 –тармактык экономика адистиги боюнча "Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу" темасында кандидаттык диссертациясын талкуулоо каралган.

Изденүүчү Асанова Кымбат Туратбековна 2008-жылы Туризм академиясынын Эларалык туризм факультетин Маданий-социалдык сервис жана туризм адистиги боюнча 5 жылдык программаны аяктап, андан соң К. Карасаев атындагы Бишкек Гуманитардык Университетинин аспирантурасын 2010-ж аяктаган.

Илимий жетекчиси менен диссертациялык ишинин темасы 26.06.2009-ж №12 протоколу менен бекитилген. 27.03.2024-ж №6 протоколу менен диссертациянын темасы жарым-жартылай өзгөртүлгөн.

Диссертациянын темасы боюнча 7 илимий эмгек Web of Science, РИНЦ КР жана чет өлкөлүк илимий журналдарында басылып чыккан. Илимий эмгектеринин жалпы баллы 123.

Изденүүчү диссертациялык иштин жазылышы боюнча коюлган бардык талаптарды аткарган.

Күн тартиби боюнча суроолор жана комментарийлер барбы?

Эгерде жок болсо сөз Асанова Кымбат Туратбековнага берилет. Регламент 10-15 мүнөт.

**Изденүүчү Асанова К.Т.:** Урматтуу төрайым Гүлзат Омурзаковна жана бугүнкү жыйындын катышуучулары саламатсыздарбы! Сиздерге "Бишкек шаарындагы

мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу" темасында диссертациялык изилдөөмдү сунганга уруксаат бериңиздер.

**Биринчи бөлүмдө** мейманканаларды башкаруу илиминин теориялык негиздери, башкаруу методдору, жетекчилердин башкаруудагы стильдери жана эларалык тажрыйбасы ар тараптуу иликтенип, ар бир турист саякаттоого бөлгөн бюджетинин 30 % көбүн мейманкана кызматтарына коротоору аныкталды. Эларалык мейманкана башкаруу тажрыйбасында башка ишканалардагыдай эле сызыктуу, функционалдуу, аралаш уюштуруу түзүмү колдонулат. Бирок, мейманкана комплекстеринин өнүмү кызмат болгондугу үчүн башкаруу процесси башка өндүрүш ишканаларына караганда татаал болуп, бир топ айырмачылыктар менен жүргүзүлөт. Ал эми мейманканалар бири бирине окшош, бирок жайгашкан жери, маданият өзгөчөлүктөрү, мейманкананын саясаты, сунган кызматтары сыяктуу факторлору менен айырмалангандыктан тандалып алынган классикалык уюштуруу түзүмүнө бир топ өзгөртүүлөр киргизилип, жетекчи ишканага ыңгайлаштырат.

Адам ресурстарынан көз карандылыгы болгон мейманкана бизнеси жылдын 365 күнү эч тынымсыз 24 саат бою иштегендигинен улам анын натыйжалуулугу иштин туура уюштурулушунан, башкаруу методу менен стилинен, ресурстардын эффективдүү колдонулушунан көз каранды. Мейманкана бизнесин башкарууда анын өндүрүштүк, маркетингдик, инвестициялык, бухгалтердик, адам-ресурстары сыяктуу өзгөчөлүктөр эске алынышы абзел.

Жандуу организм менен салыштырылган мейманкана бизнесинде стандарттар менен жиктөө системалары өтө маанилүү. 4- слайдда көрүнүп тургандай конокторду жайгаштырган ишканалар эларалык тажрыйбада 8 категорияда жиктелет. Алардын ичинен баарыбызга таанымал болгон мейманканалар "конoктоо шарты боюнча жайгаштыруу ишканалары" категориясында каралат. Ал өз учурунда негизги жана көмөкчү ишканалар деп, негизгилерге - отель, пансионат, конок үй, мотель кирсе, көмөкчүлөргө -кэмпинг, оберж, хостел, апарт отель, ротел, ботел сыяктуу ишканалар киргизилет.

Мейманканаларды жиктөөнүн негизги максаты аларды кандайдыр бир стандартка алып келүү болуп саналат. Себеби кызмат секторунда сапат маселеси стандарттар менен тыгыз байланышкан.

Туристтер бара турган дестинацияны тандоодо эң алгач жата турган жердин сапатына көңүл бурушат. Ушул учурда тандоо чечимин жеңилдеткен эң маанилүү элементтердин бири - бул кызмат көрсөтүү стандарттары, б.а. жылдыздары же даражасы. Жазылган булактарды иликтөөнүн натыйжасында мейманканаларды жиктөөдө бардык өлкөлөр тарабынан кабыл алынган так бир эреже же стандарттар жок болгондугу аныкталган. Ар бир өлкөдө түрдүү чен өлчөмдөр менен жиктөө жүргүзүлүп белгилүү региондордо HOTREC (Европа), АКШ ААА, Түштүк-чыгыш Азия мамлекеттеринде ASEAN, Чыгыш жана батыш Африка мамлекеттеринде ECOWAS сыяктуу уюмдар лидер болуп саналат.

Мейманкана бизнеси татаал түзүлүштө болгондугу үчүн континент же өлкөлөр арасындагы стандарттарттарда айырма эч кимди таң калдырбайт. Ал эле эмес, бир жерде жайгашкан ишканалардын арасында дагы стандарттар айырмаланышы мүмкүн. Бирок ал гигиеналык жана коопсуздук стандарттарына тиешеси жок болгонун баса белгилөө керек.

Мейманкананы башкарууда жана стандарттарды аткарууда санариптик чечимдер өтө маанилүү. Учурда акылдуу имарат, акылдуу шаар, акылдуу мейманкана сыяктуу тренддер дүйнө жүзү боюнча жайылууда. Батыш өлкөлөргө салыштырмалуу техника менен санариптик чечимдерди колдонуу боюнча артта калгандыгыбызды ачык эле айтуу керек. Учурда Бишкек мейманканаларында ашкана, тазалоо жана оңдоп түзөө иштеринде түрдүү категориядагы техникалар колдонулат, ал эми башкаруу жаатында ири 5* мейманканалардын көбү Opera программасын, орто жана чакан мейманканалардын көбү R-Keeper менен интеграцияланган “Shelter” же 1С компаниясынын Ярос программасын колдонушат. Андан тышкары рынокто Эдельвейс, e-cloud, ctmax.kg, pos-service сыяктуу программалары дагы кездешет. О.э. чакан ишканаларда, өзгөчө элет жерлерде, экселде түзүлгөн шахматка менен дагы колдонгонколдонгондор бар.

**Экинчи бөлүмдө** Бишкек шаарынын мейманкана бизнесинин учурдагы абалы талдалып мейманкана секторунун статистикалык көрсөткүчтөрү берилген. Көрүнүп тургандай Бишкек боюнча статистикалык маалыматтарга жараша 279 мейманкана бар болсо, эларалык брондоо Booking.com платформасына 450 ишкана катталганы, б.а. статистикалык көрсөткүчтөр менен реалдуу көрүнүш эки башка болгонун аныкталган. О.э. Бишкекте ишмердигин жүргүзгөн мейманканалардын санындагы өзгөрүүлөр 1990-жылдан бери талдалган.

Кыргызстанга келген негизги транспорттук агымдар Бишкек аркылуу болгондуктан саякаттоонун башталгыч чекити борбор шаар болуп эсептелинет. Ушу максатта Бишкектин мейманканаларынын сунуштаган кызматтары иликтенип, бири бирине окшош кызматтар сунулганы аныкталды. Экономикасы дурус өнүккөн өлкөлөрдөн келген саякатчылардын 82,8%, КМШ өлкөлөрүнөн келген туристтердин 78,5% Бишкектин мейманканаларында жайгаштырылгандыгына карабастан туристтердин көбү 1-2 жолу гана түнөйт. Ушундан улам келген туристтердин калуу мөөнөтүн узартуу, тактап айтканда алардан түшкөн кирешени көбөйтүү учурдун курч маселелердин арасында орун алат. Мейманкана бизнесинин кирешесинин жарымынан көбү кошумча кызматтардан калыптангандыктан Бишкек жана анын тегерегиндеги туристтик ресурстар иликтенип чыгып, сунуштоого ылайыктуу туристтик өнүмдөр такталды.

Кийинки слайддарда Кыргызстандагы жана Бишкектеги конок үйлөрүнүн статистикасы берилген. Көрүнүп тургандай 2013- жылы өлкөдө конок үйлөрүнүн жалпы саны 895 болсо, 2023- жылы 1303 кө жетип, орточо эсеп менен он жылдын ичинде жалпы республика боюнча жылына 4 % өскөн. Ал эми 2015, 2016 жана 2020 - жылдары Бишкек шаарынын конок үйлөрүнүн санында өсүү болгон эмес, бирок, жалпысынан алганда жылына 10%, ал эми өсүү болгон гана жылдар эсептелингенде орточо эсеп менен 15%га өскөнү көрүнөт. Бул өсүштүн келечекке карай уланаарын тастыктоо үчүн 1994-жылы АКШ Quantitative Micro Software компаниясы тарабынан иштелип чыгып сунушталган EViews

программасынын жардамы менен 2028 - жылга чейинки божомолу жөнөкөй регрессия модели аркылуу жасалды. Анализде көз карандысыз өзгөрмө катары жылдар, ал эми, көз каранды өзгөрмө катары ишканалардын саны алынган.

Регрессия теңдемесинин негизги максаты көз карандысыз өзгөрмөлөр менен көз каранды өзгөрмөнүн ортосундагы байланыштарды аныктоо болуп, бул изилдөөдө эң кичине квадраттар ыкмасы колдонулган. Ошондой эле бул ыкма "регрессия коэффициенттерин аныктоо үчүн ката коэффициенттеринин квадраттарынын суммасын минималдаштырууга багытталат". Мисалы R-квадрат коэфициенти 1 ге жакын болгону, жасалган эсептөөдө ката өтө эле аз, тактап айтканда эсептелип чыккан регрессия менен чыныгы көрсөткүчтүн ортосундагы айырма (ката - error) абдан кичине дегенди билдирет.

Регрессия моделин түзүүдө Акаике жана Шварц критерийлерине да көңүл буруу керек, себеби бул көрсөткүчтөр эсептелген моделдин эң жакшысын тандоого жардам берет. Мисалы бир канча вариантта эсептелген моделдердин арасынан Акаике жана Шварц критерийлеринин эң кичинекей көрсөткүчтөрү болгон вариантын тандоо абзел, ал эсептелген моделдин туура болгондугунун белгиси катары кабыл алынат.

17 слайдда берилген таблицаны чечмелей кетсек, R-квадрат орточо 0,95 чыкканы бул көз карандысыз өзгөрмө (жылдар) көз каранды өзгөрмөдөгү (ишканалардын саны) өзгөрүүлөрдүн 95%ын түшүндүрө алаарын көрсөтөт. Мындай жагдай моделдин туура тандалганын жана регрессия анализинин ишенимдүүлүгүнүн жогорулугун билдирет.

Көз карандысыз өзгөрмө катары биздин эсептөөбүздө TREND чоңдугу катары убакыт, б.а. жылдар алынган. Бул көрсөткүч нөлдөн башталышы керек болгондугунан жасалган моделде башталгыч жылы, б.а. нөл көрсөткүчү 2013-жыл деп белгиленген. Ал эми көз каранды өзгөрмө катары GUESTH жана HOTELS сандары алынган.

Түзүлгөн моделде жылдардын ишканалардын санына болгон таасирин көрүүгө мүмкүн болуп конок үйлөрү үчүн түзүлгөн регрессия модели төмөндө берилген:

**GUESTH = a + b * TREND^2** **HOTELS = a + b * TREND**

**GUESTH = 52.31 + 0.64*TREND^2** **HOTELS = 72.32 + 9.15*TREND**

Бул моделге жараша TREND квадраттын коэфициенти 0,64 болуп, божомол жасалган мезгил аралыгында, тагыраак айтканда 2028 – жылга чейин орточо эсеп менен жылына 13 - 19 конок үйүнө көбөйөт дегенди билдирет. Коэффициенттерге карата алынган графикте конок үйлөрүнүн башталгыч коэффициенти (регрессиянын алгачкы чекити) 52,31, тактап айтканда регрессия модели боюнча 2013 – жылы конок үйлөрдүн саны 52 ишкана деп эсептелинген.

18-20 слайддарында конок үйлөр менен мейманканалардын чыныгы жана регрессия моделинен табылган көрсөткүчтөр берилген. Регрессия чийини чыныгы көрсөткүчтөрдөн кээде өйдө өтсө, кээде төмөн өтөт жана бул айырмалар регрессиянын ката чоңдугун чагылдырат.

Жасалган божомол Бишкектеги мейманканалар менен конок үйлөрдүн санынын туруктуу өсө турганын тастыктап, атаандаштык чөйрөнүн дагы курчуй турганын көрсөттү. Ушундан улам мейманканалардын тейлөө сапатын жана жалпы башкаруусун жакшыртуу, ошондой эле атаандаштык чөйрөдө ишканалардын натыйжалуулугун жогорулатуу маселелери учурда өтө актуалдуу.

**Үчүнчү бөлүмдө** микро отель, капсул отель, боз үй конушу, хоум стей категориясындагы мейманкана кызматтарын сунган бизнес долбоор сунушталган. Бишкектин территориясынын кеңейгендиги, жана экологиялык көйгөйлөрү жыл сайын курч маселелердин арасында орун алгандыгы үчүн эсептелөөлөрү жүргүзүлгөн конок үйү Байтик айылында курулуусу пландалган. Бизнес долбоор учурда дүйнөдө популярдуу болгон микро отель менен капсула отельди камтып, колдонгонуна гана төлөйт концепциясында иш алып барат.

20 жатак орундуу ишканага орточо эсеп менен 4 млн сомго жакын каражат талап кылынат. Пессимисттик, реалисттик жана оптимисттик божомолдоо аркылуу жумшалган каражаттардын акталуу мөөнөтү эсептелип чыкты. Ишкана 30% кубаттуулугу менен иштеген учурда 2 сезондо (14 ай), 50% 1 сезондо, 100% жарым сезондо, б.а. 3,5 айда акталаары белгилүү болгон.

үчүн Тең салмактуулук чамгарагы усулу иштелип чыгып, Бишкекте ишмердигин жүргүзгөн ишканаларда опробациясы өткөрүлгөн.

Мейманканаларда каттоо жана жайгаштыруу, тазалоо бөлүмүнүн о.э. антикризистик башкаруунун натыйжалуулугун 8 багытта иликтөө системасы түзүлгөн. Ар бир сегмент 10 критерий аркылуу бааланып, алынган натыйжалар теңсалмактуулук чамгарагында чагылдырылат. Идеалда талдалган бөлүмдүн иштери идеалдуу дөңгөлөк формасында болуусу абзел. Бирок бул слайдда көрүнүп тургандай көп учурда дөңгөлөктүн формасы идеалдан алыс болуп, кээде такыр эле тегеренбеген акыбалда болот. Бул ыкманын эң маанилүү артыкчылыгы анын жөнөкөйлүгүндө. Себеби ооба же жок деп жооп берип жатканда жетекчилер кемчиликтерин дароо көрүп, аны оңдоо үчүн кыска мөөнөттүү же стратегиялык планга киргизе алат.

Акыркы слайдда туристтердин кызыгуусун тартып, алардын мейманканада калуу мөөнөтүн узартуу үчүн даярдалган 2 жумалык анимациялык этно программасы берилген. Бул программа этно борборлордо, о.э. ар бири өз-өзүнчө туристтик өнүм катары, же мейманканаларда кошумча кызмат катары сунушталышы мүмкүн.

**Көңүл бурганыңыздар үчүн чоң размат!**

**Отурумдун төрайымы:** Кымбат Туратбековна докладыңыз үчүн чоң рахмат. Кимде суроолор бар?

**Э.и.д. доц. Калманбетова Г.Т.:** Докладыңыздын эң аягында айтылып кеткен Теңсалмактуулук чамгарагы ыкмасынын өзгөчөлүгү эмнеде? Холократия системасы боюнча бизнес долбоору жасалган ишкананын түзүлүшү кандай болот?

**Асанова К.Т.:** *Биринчи суроого жооп.* Теңсалмактуулук чамгарагы BSC (Balanced Scorecard) баалоо модели менен психологияда колдонулган Жашоо балансы дөңгөлөгүнөн алынган шыктануунун негизинде пайда болгон. Мейманкананын иши өргө жылышы үчүн дөңгөлөгү идеалдуу болушу керек. 25-слайдда мейманканалардын Каттоо жана жайгаштыруу, о.э. Тазалоо

кызматтарынын дөңгөлөгүнүн формасы абдан эле деформацияланганын көрүүгө болот. Антикризис дөңгөлөгү болсо Ковид кризисинен кийин туура форманы ала баштаганы көрүнүүдө. Бөлүмдүн ишин талдоо үчүн ар бир багытта стандарттарга жараша 10 дон суроо-талап түзүлүп, алынган “ооба” жооптору гана бул чамгаракка түшүрүлөт. 8 сегменттин жооптору түшүрүлгөн чекиттер бири бири менен туташтырылып бөлүмдүн ишинин реалдуу картинасы алынат. Бул ыкманын негизги өзгөчөлүгү анын оңой жана түшүнүктүүлүгүндө, себеби мейманкананын жетекчилеринин көбүнүн билими туризм жана мейманкана иштетүү жаатында болбогонунан улам алардын эларалык тажрыйба менен стандарттардан, же көйгөйлөрдүн чечилиш жолдорунан маалыматы менен билими чектелген. Бул ыкмада берилген суроо-талаптарга “+” же “-“ белгисин коюп жатканда мейманкана жетекчилиги кемчиликтерин так жана даана көрүп, жасалчу иштерин дароо эле пландаштыра алат. Ушундан улам дөңгөлөктү тез эле идеалдуу тегерек формага алып келип, ишкананын натыйжалуулугун жогорулатуу мүмкүн болот.

*Экинчи суроого жооп:* Чакан ишкана болгондуктан холократия системасында ишти уюштуруу оңой болот. Кызматкер эмес, өнөктөш катары иштеп баштаган киши өзүнүн иш күнүн, бюджетин, иш көлөмүн, өргүүсүн ж.б. өзү белгилеп, башка өнөктөштөрү жана бизнес ээси менен эң таза мамиле калыптандыра алат. Мындай башкаруу түзүмүндө салттуу жетекчи – кызматкер мамилеси жоюлуп, отчет берүү үчүн эмес, ишкананын жалпы максаттарына жетүү үчүн эң алды менен иштер аткарылып, креативдүүлүк жана инициативдүүлүк жогору бааланат.

Бул система боюнча Казан шаарындагы мейманканалар бир топ жылдардан бери иштейт, ал эми Бишкекте жайгашкан 3 жылдыздуу мейманкана “социократия 3.0” системасын (холократиянын бир мурунку версиясы) 5 жылдан бери колдонот. Бир кызматкер ресепшнист, маркетолог жана ашпозчу болсо, экинчиси кир жууп бөлмөлөрдү тазалайт. Үчүнчү кызматкер жалпы колдонулуучу аянттардын тазалыгынан жана мейманкананын айланасынын жалпы көрүнүшүнөн жооптуу. Коопсуздук, азыктарды сатып алуу иштери жана

ишкананын техникалык абалы төртүнчү кызматкердин жоопкерчилигинде болсо, бешинчиси тышкы байланыш, ишкананын эсеп-кысабы жана административдик иштер менен алектенет. Мейманкана толуп, иштер көбөйгөндө ар бир кызматкер өзүнө жардамчы ала алат. Биздин курулуп жаткан мейманканабызга 3 позицияга кишилер алынат жана бир топ иштер аутсорско берилет.

**Э.и.к. доц. Усоналиева Д.А.:** Кыргызстанда мейманканалардын жиктелиши эларалык стандарттарга ылайыкпы жана аны кайсы мамлекеттик орган көзөмөлдөйт? Кыргызстанга келген туристтердин саны канча жана статистикалык маалыматтарга ишенсек болобу?

**Асанова К.Т.:** *Биринчи суроого жооп:* Бул суроого жооп берүүдөн мурда эларалык стандарт түшүнүгүнө кайрылып кетсек. Үч өлкө тарабынан кабыл алынган стандарт бул эларалык стандарт болот, бирок биз көп учурда эларалык стандарт дегенибизде UNWTO тарабынан иштелип чыккан жана көптөгөн өлкөлөр тарабынан колдонулган стандарттарды түшүнөбүз. Учурда Кыргызстанда эларалык чынжыр мейманканалар жана жергиликтүү бренд болгон Орион, Жаннат, Парк, Амбассадор сыяктуу отелдер эларалык стандарттарга жараша иш алып барышат. Бирок биз колдонгон стандарт деле эларалык, себеби СССР учурунда иштелип чыккан стандарт учурда 3төн көп КМШ өлкөлөрү тарабынан кабыл алынган. Биз колдонгон стандарт Советтик мезгилден бери жаңыланбагандыктан жана ишкананын жиктелиши толугу менен ыктыярдуу болгонунан улам учурда расмий түрдө 4 гана ишкана ал жиктемеден өтүп, жылдыздарын тастыктаган. Бул ишти КМС көзөмөлдөйт жана UNWTO нун стандарттарынан бөлмөлөрдө радио, бассеиндин жанында Хлор жазуусу менен хлордолгон суунун болушу сыяктуу талаптары менен айырмаланат.

*Экинчи суроого жооп:* Кыргызстанга келген туристтердин саны тууралуу так маалымат жок. Биз чек араны кесип өткөн жарандардын санын гана көрө алабыз. Алар 7 млндон ашуун. Мисалы чек арада жүк ташып иштеген бир Казахстандын жараны күнүнө 5 жолу чек арадан ары бери өтсө, Кыргызстанга 5 чет өлкөнүн жараны келди деп эсептелинет.

**Э.и.к. доц. Мамытов А.С.:** Эко мейманкана категориясында Кыргызстанда канча ишкана бар? Негизги, көмөкчү жана альтернативдүү категориясындагы ишканалардын негизги айырмачылыктар кайсылар?

**Асанова К.Т.:** Биринчи суроого жооп: Накта эко категориясында иш алып барган мейманканалар жок. Себеби накта "эко" болушу үчүн көптөгөн талаптарды, мисалы алынган ар бир жабдыктын, текстилдин же азык-түлүктүн эко деген сертификаты болушу, о.э. жергиликтүү өнүмдөрдүн колдонулушу, жашыл энергияны, электр унааларды колдонуу жана таштандыларды кайра иштетүү же кайра иштетилген материалдан өнүмдөрдү колдонуу сыяктуу талаптарды аткарышы керек. Бизде эко материалдардан курулган ишканалар учурда популярдуу болууда, мисалы Кызарт же Алтай конок үйү, Кыргыз айылы, Кара Булак, Номад, Мурас, Глэмпингдер. Ал эми бозүй лагерлери баштан бери эле өзүн эко деп таанытышат. Эко материалдар "эко" сертификациясынын ондогон талабынын ичинен бир эле талабы.

*Экинчи суроого жооп:* Негизги менен көмөкчү ишканалардын айырмасы сунуштаган кызматтарында гана. Негизгилерге мейманкана, пансионат, конок үй, мотель кирет; көмөкчү ишканаларга кэмпинг, оберж, хостел, апарт отель, ротел, ботел сыяктуу ишканалар кирет. Көмөкчү ишканаларда сунушталган кызматтар аз болуп, көп иштерди турист өзү жасайт, мисалы тамагын өзү жасайт, чатырды өзү тигет, жыйнайт ж.б. Альтернативдүү ишканалар салттуу жиктөөдө каралбаган, узун же кыска мөөнөткө ижарага берилген ишканалар, мисалы бозүйлөр, батир же коттеджер сыяктуу. Учурда эксклюзивдүү деген аталышта дагы бир тренд күч алууда. Ал категорияда дизайнердик мейманканалар, муз отелдери, суу астында, үңкүрдө, учкан ж.б. кирет.

**Э.и.к. доц. Ражапбаева М.А.:** Сиздин диссертацияңыздын темасына окшош дагы кимдердин диссертациялары бар? Алардын ишинен сиздики эмнеси менен айырмаланат?

**Асанова К.Т.:** Мейманкана жаатында Кыргызстанда жүргүзүлгөн изилдөөлөр өтө эле аз. Кыргыз Республикасы боюнча мейманкана бизнеси жаатында

М.Бекбоева менен Н.Расулованын кандидаттык диссертациялары бар, айырмасы Бишкек боюнча изилдөө буга чейин такыр жүргүзүлгөн эмес.

**Э.и.к. доц. Даутов Я.У.:** 3L туризм деген эмне? Микро мейманкана менен капсула мейманкананын өзгөчөлүктөрү кандай?

**Асанова К.Т.:** *Биринчи суроого жооп:* 3 «S» туризми салттуу туризм (see - деңиз, sand - кум, sun – күн), б.а. пляж туризми дегенди билдирсе, 3 «L» lore, leisure, landscape - билим, эс алуу жана жаратылыш деген маанини берип, салттуу туризм түшүнүгүнөн алыс болгон туризм багыттарынын өнүгүүсү дегенди билдирет.

*Экинчи суроого жооп:* Микро мейманканалар менен капсула мейманканалары эң биринчи концепциясы менен айырмаланат. All inclusive системасынан таптакыр айырмаланып колдонгонуна гана төлөйт концепциясында иш алып барат. Андан тышкары аянты менен айырмаланышат. Орточо 10-14 квадрат метр аянтта кадимки эле мейманкананын номериндеги жайлуулукту ала алат. Капсулаларда даараткнасынын гана жоктугу болбосо калган кызматтардын көбү, тв, кондиционер, интернет, мини бар ж.б. болушу мүмкүн.

**Э.и.к. Сайфудинов Б.Н.:** Практикалык сунуштарда иштелип чыккан сунуштарды кайсы мамлекеттик мекемелерге кат жүзүндө жолдомо жөнөттүңүз? Алардан кандай жооп келди? Ишке ашыруу актысы барбы?

**Асанова К.Т.:** *Биринчи суроого жооп:* Мамлекеттик органдарга учурда дагы сунуштар жазылуу түрдө жибериле элек. Бирок Туризм департаментинин директорунун орун басары Кыял айым менен изилдөө убагында тез тез маектешүүлөр жүргүзүлүп, жыйынтыктары тууралуу кабардар кыла турганыбыз айтылган. Ошондой эле КАТО төрайымы Салтанат Мидин менен мейманканалардын натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча иштелип чыккан “Теңсалмактуулук чамгарагы” методу колдонулуп, алынган жыйынтыктар боюнча КАТО мүчөлөрүнө окутуу программаларын даярдоо мүмкүнчүлүгү сүйлөшүлгөн.

*Экинчи суроого жооп:* Ишке ашыруу актысы КАТО (Кыргызская Ассоциация Туристских Организаций) тарабынан берилген.

**Ага окутуучу Турусбекова Г.Т.:** Дарк туризм алкагында Кыргызстанда кандай сунуштар бар?

**Асанова К.Т.:** Дарк туризм бул кайгылуу туризм деп которулган. Кыргызстанда Ата Бейиттен сырткары Үркүн, Талас согушу, Шах Фазиль комплекси кайгылуу туризм алкагында туристтик өнүм катары сунушталышы мүмкүн.

**Э.и.к. доц. Алимбеков К.А.:** Байтикте курула турган мейманканага 4млн сомго жакын каражат талап кылынат деп айттыңыз. Кайсы материалдардан курулат жана ал каражат эмнелерге сарпталат?

**Асанова К.Т.:** Микро мейманканалар эко концепциясына ылайык келген саман кыштан курулат жана нукура бозүйлөр сатылып алынат. **К**апсул мейманканалары футуристикалык дизайнда пластик менен айнектен, же МДФ, ЛДСП, фанера сыяктуу материалдардан жасалышы мүмкүн. Байтик мейманкана комплекинде курула турган капсулдар экологиялык жактан таза ФБА фанерасынан жасалып, кызыл кыштан тургузулган имаратта жайгаштырылат. Хоумстей кызматтары 1948- жылы курулган саман үйдө сунушталат. Микро мейманкана менен дааратканa куруу сметалары о.э. бөлмө менен ашкана жабдуулары, идиш аяк жана текстиль өнүмдөрүнүн деталдуу эсептери таблицаларда берилген.

Бул модел Кыргызстандын ар бир үй чарбасында ишке ашырылышы мүмкүн. Өзүнө ыңгайлуусун, б.а. микро мейманкананы же капсуланы гана алып туризм индустриясында ишмердүүлүгүн баштай алат. Куруу сметалары өз-өзүнчө эсептелинген, бирок рентабелдүүлүгү жана актоо мөөнөтү мейманкана комплекси үчүн эсептелип чыккан. Республиканын региондоруна жараша жердин баасынын өзгөргөндүгү үчүн, жана Байтик мейманкана комплекси даяр жерде курулуусу пландалгандыктан жердин баасы эске эсептөөгө кошулган эмес.

**Отурумдун төрайымы: Асанова Кымбат Туратбековна** диссертациялык иши боюнча берилген суроолорго толук жооп берди. Дагы кимде кошумча суроо бар? Эгерде изденүүчүгө башка суроо жок болсо талкулоого өтөлү.

Сөз илимий жетекчиси Көбөгөн Атышовичке берилет.

**Э.и.д., профессор Атышов К.А.:** Саламатсыздарбы. Заманбап туризм индустриясы дүйнөлүк экономиканады эң кирешелүү тармактардын бири болууда. Туризмдин рентабелдүүлүгүнүн өсүү динамикасы экономиканын башка секторлорундагы рентабелдүүлүктүн өсүү динамикасынан кыйла алдыда турат. ДТУнун маалыматы боюнча, акыркы 10 жылда туризмден түшкөн киреше жыл сайын 7,9% өскөн, ал эми турист катары келгендердин саны жылдык орточо 4,5% өскөн.

Негизги транспорттук агым борбор калаа аркылуу өткөндүктөн, Кыргызстанга келген чет элдиктердин көбү үчүн Бишкек андан аркы каттамдын башталгыч чекити болуп калат, андыктан республика аймактары менен таанышуу ушул жерден башталат. Кыргызстандын бир дагы шаары дүйнөгө таанымалдуулугу жагынан Бишкек менен салыштырып болбойт жана бул жаатта изилдөө биринчи жолу жасалууда.

Асанова К. Кыргызстандагы учурда ырааттуу өнүгүп жаткан туризм бизнесинин алкагынан алган орду кыйла олуттуу экендигин кеңири маалыматтардын негизинде талдап, жыйынтык чыгарган. Диссертациялык иштин негизги уңгусу, бир топ жылдан берки талыкпаган эмгектин, илимий жактан чыгармачыл изденүүнүн, аракетинин жыйынтыгы болуп саналат. Андыктан бул иш КР Президентине карашуу Улуттук аттестациялык комиссиянын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына толук жооп берет жана анын автору Асанова К.Т. экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын ыйгарууга татыктуу.

**Отурумдун төрайымы: Чоң рахмат Көбөгөн Атышович.** Азыр сөз биздин улуу урматтуу рецензенттерибизге берилет.

**Э.и.д., профессор Джумабаев Калиль Джумабаевич:** Чынында аябай жакшы маанидеги диссертациялык иш каралып чыккан. Себеп дегенде өзгөчө кыргызча болгону абдан сүйүндүрүп жатат. 1989-жылы 23-февралда кыргыз тили боюнча мыйзам кабыл алынган. Быйыл мыйзам толуктоолор менен чыкты. Мурун кыргызча жактагандарга диплом берилчү. Мен ойлом бул келечек

маселеси, себеби Кыргызстанда тил маселеси өзгөчө мааниге ээ, өзгөчө диссертациялык иштерде. Бугүнкү доклады жасалган Асанова Кымбаттын диссертациялык ишинде жакшы материалдар берилген, өзгөчө туризм боюнча Кыргызстандагы, анын ичинде Бишкек шаарындагы мейманкана бизнеси жаатында көптөгөн анализдер жасалган экен. Регрессивный методу менен дагы иштеп 28-30-жылдарга чейин программалардын производныйлары дагы бар экен. Иште негизги сунуштардан бири Байтик жакта мейманкана салып, туристтерди тартуу. Чынында Байтиктин келечеги кең, туристтердин саны дагы көп болушу мүмкүн, себеби экологиялык жактан жакшы, өзгөчө таза абасы менен элди өзүнө тартат. Негизинен туризм бул чоң индустрия, ошонун бир бутагы болуп мейманкана сектору саналат. Дүйнөдө өнүккөн өлкөлөрдүн ИДПнын 70-80% кызмат секторунан, тактап айтсак Австралия, Жаңы Зеландия, Норвегия, Араб Эмираттары сыяктуу өлкөлөр туризм тармагынан алат. Ушул маселелерди абдан дыкат изилдеген жана диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иши толугу менен дал келет. Материалдары, изилдөөнүн максаттары, диссертациянын актуалдуулугу бири бири менен толук байланышкан. Белгилей кетчү нерсе максаттардын туура коюлушу. Ошо максаттарга жетүү үчүн, байкалып жатат, туризм жаатында сабак берет окшойсуз, адис катары изилдөөнүн жакшы жаңылыктарын чыгарып жатасыңар, аларды докладда айтып кеттиңиздер. Алынган натыйжалар менен практикалык мааниси дагы өтө керек, себеби мамлекет тарабынан туризмди колдоо боюнча саясат жүргүзүлүүдө. Жылда жарлык чыгат, токтомдор чыгат, туризмге көптөгөн каражат бөлүнөт, өзгөчө Ысык-Көлгө же башка региондордун туризмин өнүктүрүүгө басым жасалат. Ушундан улам Кыргызстанга керектүү болгон негизги тармактардан бири деп эсептесек болот. Сунуштарда дагы тиешелүү жерлерге тийип өткөнсүздөр. Автореферат толугу менен коюлган талаптарга дал келип, албетте эскертүүлөр дагы бар:

1. Диссертациалык иште учурда Кыргыз Республикасынын туризм тармагы өнүктүрүү боюнча укук-ченемдик актылардын багыттарын кабыл

алуусун анализдеп кошумчаласа болмок. Себеби жатакана туризмдин негизи болгонуна байланыштуу мейманканаларда иштеген персоналдын билген чет тилдерин талдап, диссертациялык ишке кошсо болмок. Ченемдик актыларга бул маалыматтар киргизилиши керек, себеби ал документтерди даярдоого изилдөөчүлөр көмөк көрсөтүшү керек. Дагы башка маселе бар, келген туристтерди жакшы тозо албайбыз, ойдогудай суроолоруна жооп бере албай, же тамактарын ойдогудай бере албай жатабыз.

2. Мейманкана сектору туризм жана меймандостук индустриясынын эң чоң комплексттүү элементи болгонунан улам аны экономиканын өзүнчө бир тармагы катары каралуусу менен бирге анын тобокелдиктери жана туристердин коопсуздугун камсыз кылган маселелер боюнча карап, мамлекет тарабынан кандай программаларды кабыл алуусун сунуштаса туура болмок. Бул дагы абдан чоң маселе. Кандай инсан болбосун ал аман эсен жакшы эс алышы керек. Ошондуктан мыйзам чегинде коопсуздугун дагы карап койсоңор жакшы болмок.

4. Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртууда цифровизациянын ролу берилбей калгандыгы байкалат. Анткени Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги бар. Өкмөт бекеринен министрликти кармап турбайт, себеби азыр маалымат маселеси абдан маанилүү. Ушу маселелерди дагы карап, диссертациялык ишиңизди толуктасаңыз, дагы да сапаттуу иш чыгат деп ойлойм.

Диссертациялык кеңештин эксперти катары Асанова Кымбат Туратбековнанын тапшырган документтерин карап чыгып 08.00.05 – тармактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн “Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу” деген темадагы диссертациялык ишин коргоого сунуштайм.

**Э.и.к., доцент Ражапбаева Майрам Абдылдаевна:** Кымбат Туратбековнанын жумушун жакшы карап чыгып, азыркы учурда эң керектүү диссертация деп ойлойм жана актуалдуулугунда шек жок. Мага абдан жакты. Бул темада сизден мурун жазылган диссертациялар тууралуу суроону бекеринен берген жокмун, себеби Бишкек шаары боюнча бул биринчи изилдөө экендигин

билем. Бул жагдай актуалдуулугу жагынан сиздин ишиңизди биринчи орунга чыгарат. Бишкек шаары учурда өнүгүп өсүп, өнүккөн өлкөлөрдүн шаарларына окшоп баштады. Ошондуктан Бишкектеги мейманканалардын стандарттарына көңүл бурушубуз керек. Докладыңыздан байкалып турат сиз чындап эле практик экенсиз, мейманканалар менен дагы тыгыз иштешиптирсиз. Жумушуңуздун үчүнчү бөлүмүндө бардыгын камтыптырсыз. Модельдериңизди карап чыгып абдан жактырып, жумушуңузга жогору баа бердим. Бирок ошондой эле илимий иштин кемчиликтери дагы бар. Эң эле биринчи Киришүү бөлүгүнөн баштасам;

1. Кириш сөзүндө изилдөө темасынын актуалдуулугу толук жана терең ачылган эмес. Докладда актуалдуулугун абдан жакшы айтып бердиңиз, бирок кагаз түрүндө жарым бетке чыкпаган маалымат берилген. Илимий жетекчиңиз актуалдуулугун абдан сонун ачып бериптир, сиз маалыматты дагы да тереңирээк берүүңүз керек.
2. Диссертациялык изилдөөдө кириш сөздө теманын канчалык деңгээлде изилденгендигин баса белгилей кетүү керек. Диссертациянын темасынын изилденишинин даражасы өзүнчө бөлүнгөн эмес, бир аз каралыптыр бирок жетиштүү эмес. Дагы да толуктап, өзүнчө берилүүсү керек.
3. Диссертациянын кириш сөзүндө “Изилдөөнүн предмети” жана “Изилдөөнүн объекти” көрсөтүлгөн эмес. Сиздин жумушуңузда бар, бирок кириш сөзүндө жок экен. Аны жазышыңыз керек.
4. Диссертациянын коргоого коюулуучу негизги жоболорунда диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгын көрсөтүптүрсүз. Бул жагын оңдоп чыгуу керек, мисалы ар бир бөлүмдөн кайсыл жоболорун коргоого чыгарып көрсөтүп жатканыңызды тагыраак жазышыңыз керек. Абдан жакшы изилдөө жүргүзүлүптүр, бирок ишти ачканда эле киришүү бөлүгү аны чагылдыра албаганы көрүнөт.

Бирок бул кемчиликтер иштин артыкчылыгын түшүрбөйт, диссертант коюлган максаттарды жана милдеттерди чечип, изилдөөнүн темасын ачып бере алды. Диссертация жогорку илимий деңгээлде жүргүзүлүп, кандидаттык диссертациялар үчүн белгиленген көлөмгө иш жүзүндө туура келет. Жогоруда

айтылган сын пикирлерди эске алуу менен экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн кийинки этаптардан отүүнү сунуштайм.

**Э.и.к., доцент Алимбеков Кеңешбек Алайчиевич:** Мен дагы кызыгуу менен окуп чыктым, жакшы жазылган экен. Жогорку илимий деңгээлде жана кыргызча дагы абдан жакшы жазылыптыр. Түзүмү дагы жакшы, бир топ маселелерди орду менен чечип, илимий изилдөө логикалык жактан абдан жакшы болгонун белгилегим келет. Абдан чоң эмгек кылыптыр, эки монография, бир окуу куралы, бир топ макалаларды чыгарыптыр. Мен дагы бул ишиңизди колдойм, чынында эле жетекчиңиз берген жогорку баага татыктуу экенсиз.

Ишиңизде көп материалдар которулуптур, ошол жерлерде катаа кетип калган.

1. Улуттук аттестациялык комиссиянын талаптары боюнча бөлүм эмес бап деп жазылышы керек.
2. Экинчи бапты "Бишкек шаарынын мейманканаларынын учурдагы абалы", үчүнчү баптын биринчи параграфын "Бишкек шаарында мейманканалардын өнүгүшүн божомолдоо" деп атаса, алар баптын жана параграфтын мазмунуна туура болмок.
3. 12-баракта жана биринчи баптын көп жеринде мейманкана кызматтарын "сунган" деп жазылып калган, сунган менен сунуштаган деген сөздүн айырмасы абдан чоң.
4. Диссертация кыргыз тилинде эң жакшы жазыгалын менен 16- баракта "учеттоп", "отчет берүү", 28- баракта "сферага" таандык деп жазуу менен илимий терминдерди да м. "тутумдуулугу", "жиктөө" деп которуп берүүгө аракет кылган. Отчет деген сөздү калтырсаңыз да учет деген сөздү эсеп-кысап деп жазсаңыз туура болмок. Редакторго да кайрылуунузду сунуштайм. Ошону менен бирге терминдерди дагы которуп салыптырсыз, мисалы жиктөө деген сөздү классификация боюнча эле калтырсаңыз жакшы болот беле? Себеби көптөр түшүнбөйт. Дагы тутум деп жазыптырсыз, аны система боюнча эле калтырсаңыз туура болот го деген ойдомун. Эгерде терминдердин баарын которо

берсек туура болбой калат, себеби ал сөздөрдүн дагы өзүнө тиешелүү башка маанилери бар.

5. Ушул эле маселе боюнча мен атайын укуктук ченемдик актыны карадым, бул терминдер кандай берилет экен деп. Сиз 56-баракта белгиленген 13-адабияттын аты да туура эмес берилген. Токтом деп берилген экен текстте, бирок колдонулган булактардын тизмесинде башка булак берилиптир. Балким ошол булакатан алгансыз, анда алынган барагын да белгилешиңиз керек.

Жалпысынан, жогоруда келтирилген кемчиликтерге карабастан изденүүчүнүн диссертациялык иши жетишерлик жогорку деңгээлде даярдалган. "Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу" темасындагы 08.00.05 – тармактык экономика адистиги боюнча Асанова К.Т. кандидаттык диссертациялык иши учурдагы актуалдуу тема боюнча ар тараптуу аяктаган изилдөө болуп саналат жана сын-пикирде келтирилген маселелерди эске алуу менен диссертацияны коргоо боюнча кийинки этапка сунушталат.

**Э.и.к., доцент Сайфудинов Бекмаман Нурмаматович:** Кымбат Туратбековна докладды абдан жакшы жасадыңыз. Ишти окуп чыккандан кийин көп суроолор пайда болгон, бирок докладды уккандан кийин көп нерселер түшүнүктүү болуп калды. Балким кыргызча жазылган илимий иштерге көнө албай жаткандырмын, окуп жатканда көп нерселер түшүнүксүз болуп жаткан. Мен мурун дагы айткам редакциядан өткөрүш керек го деп, азыр да бул сунушту берем.

Сын-пикиримди айтсам, диссертацияда негизги максат жана ошого жараша негизги тапшырмалар туура тастыкталып, ошонун негизинде диссертациялык иштин структурасы иштелип чыккан. Диссертациялык изилдөөлөрдүн теориялык жана методикалык негиздерин чагылдырууда чет элдик жана өз өлкөбүздөгү көптөгөн окумуштууларыдын изилдөөлөрү кайра каралып чыккан жана бул изилдөөнүн илимий жаңылыгы катары чагылдырылган. Ошондой эле изилдөөнүн илимий жаңылыгы катары, дүйнөдөгү тез өнүккөн үч мейманкана бизнесинин долбоору боюнча эсептөөлөр

жүргүзүлүп жана ошого таянып мейманкана ишин уюштуруу жана башкаруу моделинин иштиктүү долбоору даярдалган.

Ошону менен бирге диссертацияда кээ бир маселелерге толуктоо катары төмөнкү сын-пикирлерди айтсак болот:

1. Изилдөөнүн милдеттеринде методикалык негиздер каралбай калган.
2. Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгын жана диссертациядагы коргоого коюлган негизги жоболорду тактап чагылдыруу керек.
3. Кыргызстандагы мейманкана ишмердигинин тарыхын тереңирээк карап, ага байланышкан закон ченемдүү факторлорду тактап аныктоо зарыл.
4. Мейманкана ишкердигин кластердик түзүм призмасы аркылуу терең талдап, негизги маселе катары практикалык сунуштарды кылуусу зарыл. Бул жаатта илимий иште эч нерсе жок болгондугу байкалат. Бул маселе кыргыз экономикасында актуалдуу болуп эсептелинет. Тагыраак айтканда сиздин темаңыз кластердик өнүгүүдөгү орду кандай
5. Практикалык сунуштар 6-7 абзацта так жана таамай айтылышы керек. Сиздин иште 3 эле пункт болгону жетишсиз деп ойлойм.
6. Кээ бир таблицалардын булактары көрсөтүлбөй калган.
7. Глоссарий түзүп коюуу орундуу. Кыскартуулар туура эмес.
8. Грамматикалык жана орфографиялык мүчүлүштүктөр орун алган.
9. ЮНВТО нун ордуна Дүйнөлүк туризм уюму десеңиз туура болот.

Негизинен Асанова К.Т. 08.00.05 –тармактык экономика адистиги боюнча “Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу” темасына жазылган диссертациясы, илимий – изилдөө иштерин аткаруу талабына толук жооп берет жана аяктаган изилдөө иши болуп саналат. Илимий-теориялык жана методикалык жактан маанилүү маалыматтарга таянып алынган жыйынтыктар жана практикалык сунуштары негиздүү. Айтылган сын-пикирлерди эске алуу менен, диссертация андан аркы жактоо этаптарына сунушталат.

**Отурумдун төрайымы:** Рахмат. Дагы сын-пикири менен бөлүшкүсү келгендер барбы? Жок болсо изденүүчү Асанова К.Т. 08.00.05 – тармактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн "Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу" темадагы ишин коргоого сунушталат.

**Ачык добуш берүү өткөрүлдү:**

«Макул» - баары.

«Каршы» - жок.

«Калыс» - жок.

**Сунуш бир добуштан кабыл алынды.**

**КОРУТУНДУ**

К. Карасаев атындагы Бишкек Мамлекеттик Университетинин "Экономикалык программа жана башкаруу" кафедрасынын Асанова К.Т. экономика илиминин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн "Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу" темадагы диссертациялык ишин талкулоо боюнча отурумдун

**ЧЕЧИМИ**

**Изилдөө темасынын актуалдуулугу.** "Түтүнсүз өндүрүш" аты менен таанылган туризм индустриясы учурда дүйнөлүк экономиканын эң бат өнүккөн секторлорунун катарында орун алып, дүйнөлүк экономиканын 10,4% түзсө, жер шарынын ар бир он кишинин бири бул индустрияда эмгектенет. Туризмден 2019-жылы түшкөн киреше дүйнөлүк масштабда 1,5 триллион АКШ долларын түзүп, 2022-жылы 1 триллиондон ашып, Дүйнөлүк туризм жана саякат кенешинин (WTTC) божомолдоосуна жараша 2033-ж 15 триллион АКШ долларга чыгаары күтүлүүдө.

Дүйнөлүк экспорттун көлөмү боюнча туризм тармагы химия менен күйүүчү май категориясынан кийинки орунду ээлеп, автоунаа менен тамак-аш өндүрүшүн артта калтырып 3- орунду ээлеген. Ал эми, XXI кылымдын эң ири телекоммуникация жана информация кызмат секторлорунан кийинки үчүнчү

орунду ээлеп келген туризм, учурда алдыңкы орунга чыгып, саякатка чыккан адамдардын бүт муктаждыктарын канааттандыруучу бүтүндүккө ээ.

Туризм потенциалы кең болгон Кыргызстанда туризм тармагы эгемендүүлүгүбүздү алгандан тартып приоритеттүү тармактардын арасында орун алат. Учурда туризм тармагында сезондо гана эмес, жыл бою иштеп, үй-бүлөсүн баккан жарандардын саны жылдан жылга көбөйүүдө.

Туризмдин негизги түзүүчүсү болгон мейманкана бизнеси туризмден түшкөн кирешенин 68% жана туризм тармагындагы бардык жумуш орундарынын 65% түзүп, ар бир турист саякаттоо бюджетинин 1/3 түнөк жерине короткондугу Дүйнөлүк туризм уюму тарабынан баса белгиленет. Мейманкана бизнеси жалгыз гана туризм экономикасынын алдыңкы ролунда болбостон, саякаттан канааттануу, дестинациянын жагымдуулугу жана жайлуулугу сыяктуу факторлору менен туризм психологиясын калыптандырууда дагы маанилүү ролду ойнойт. Ушундан улам, мейманкана бизнеси дүйнөлүк туризм индустриясынын негизи, валютанын туруктуу булагы жана өлкө чегинен чыкпаган экспорт категориясында каралып, анын өнүгүүсү экономикалык факторлого гана оң таасир тийгизбестен, инфраструктуранын оңолушуна, о.э. социалдык жактан туруктуу пайда алып келүүдө.

Кыргызстандын жылына 2 миллионго жакын чет элдик туристтерди кабыл алуусу жана 400-500 миллион АКШ долларга чейин киреше табуу потенциалы Кыргыз Республикасынын өнүктүрүү стратегиясында чагылдырылган. Андан сырткары, туризм тармагы артыкчылыктуу экономиканын тармагы катары жарыялангандан тартып, өлкөбүздүн туризм секторуна, анын ичинен, мейманкана бизнесинин өнүгүүсүнө улуттук жана чет элдик инвесторлордун кызыгуусу артууда.

Саякатчылар Кыргызстан үчүн бөлгөн убактысынын 1/3 бөлүгүн мейманканада өткөрүп, ишканада сунушталган кызматтардын сапатына, атмосферасына, персоналдын меймандостугуна, ички жасалгалоого, тамак-аштын даамы менен көрүнүшүнө жана бөлмөлөрдүн жайлуулугуна өзгөчө көңүл бурушат. Ошондуктан, мейманкана бизнесинин жетекчилери атаандаштык

таймашта артта калбоо үчүн замандын талабына, туристтердин табити менен талаптарындагы өзгөрүүлөрдү эске алып, мейманкана кызматтарынын уюштурулушун жөнгө салуусу шарт.

Кыргызстанга алыскы чет мамлекеттерден келгендердин 82,8%, КМШдан келген туристтердин 78,5% Бишкекте жайгашканы борбор шаарда ишмердигин жүргүзгөн мейманканалардын өлкө масштабында орду өзгөчө болгондугун көрсөтөт. Ушундан улам Бишкектеги мейманкана бизнесинин уюштурулушун жана башкаруусун жакшыртуу, алардын натыйжалуулугун жогорулатуу маселелери учурда өтө маанилүү жана актуалдуу болуп саналат.

**Диссертациянын темасынын ири илимий жана мамлекеттик программалар менен байланышы.** Диссертациялык иш "2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы", "Кыргыз Республикасынын 2026-жылга чейин улуттук өнүктүрүү программасы", "2035-жылга чейинки мезгилде Кыргыз Республикасынын экономикасын өнүктүрүүнүн инновациялык модернизациялоо концепциясы" менен тыгыз байланышкан.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Мейманканаларды башкаруунун теориялык-методикалык негизин иликтөө жана алардын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Бул максатка ылайык төмөнкүдөй милдеттер коюлду жана жүзөгө ашырылды:

- туризм индустриясынын мейманкана секторундагы өнүгүүнүн илимий-теориялык негиздерин изилдөө;
- мейманкана секторунун өнүгүү тенденциясын аныктоо;
- мейманканаларда туристтердин калуу мөөнөтүн узартууга көмөк көрсөтүүнү иштеп чыгуу;
- мейманканаларды башкарууну жакшыртуунун моделин түзүү;
- мейманканалардын ишин уюштуруу жана башкаруунун универсалдуу моделин иштеп чыгуу;
- мейманкана секторунун алкагында иштиктүү бизнес-долбоорун сунуштоо.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

- мейманкана секторунун илимий-теориялык негизи иликтенди;
- мейманкана секторун өнүктүрүүнүн учурдагы абалы талданды;
- мейманканаларда коноктоо мөөнөтүн узартуу боюнча жүргүзүлгөн изилдөө иштеринин жыйынтыгында сунуштар киргизилди;
- жергиликтүү калкты туризм жаатында иш алып баруусуна шыктандыруу үчүн учурда дүйнөдөгү тез өнүгүп жаткан мейманкана бизнесинин 3 түрүн камтыган бизнес долбоордун эсептөөлөрү жүргүзүлдү;
- мейманканалардын ишин уюштуруу жана башаруунун модели даярдалды;
- мейманканалардын алкагында иштиктүү бизнес долбоору даярдалды.

**Алынган натыйжалардын практикалык баалуулугу.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги корутундулары жана сунуштары мамлекеттик бийликтин мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу органдары туризм саясатын жана региондук программаларын иштеп чыгууда, Бишкек шаарынын мейманкана секторун өнүктүрүү жана атаандаштык дараметин кубаттоого багытталган программалар менен концепцияларды калыптандырууда, ишке ашырылышы пландалган бизнес долбоорлордо, жергиликтүү жана чет элдик инвестицияларды тартууда пайдаланышы ыктымал.

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары менен материалдары "Хаускипинг: башкаруу жана уюштуруу" окуу китебин, "Кыргызстандагы мейманкана ишканаларын жиктөө модели" менен "Кыргызстандагы мейманканалардын эко сертификация модели" монографияларын жазууда, о.э. КТМУ Туризм факультетинин "Мейманканаларда кризисти башкаруу", "Мейманкана ишмердүүлүгүн уюштуруу", "Меймандостук индустриясында анимация кызматтарын уюштуруу жана башкаруу", "Мейманкана ишмердүүлүгүнүн технологиясы" сабактарынын өтүүдө колдонулган. Андан тышкары, "Мейманканаларды башкаруу", "Меймандостук индустрия маркетинги", "Туруктуу туризм", "Рекреация", "Коомчулукка негизделген туризм" дисциплиналарынын лекцияларын даярдоодо, о.э. ишмердүүлүгүн

жүргүзүп жаткан мейманканалардын натыйжалуулугун жогорулатууда жана жаңы өнүм иштеп чыгууда колдонууга болот.

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык мааниси.** Диссертациялык иштин жыйынтыктары мейманкана индустриясынын өнүгүшүнө оң таасирин тийгизип, туристтик өнүмдүн дифференциациялоосу менен диверсификациялоосуна салым кошот. Ошондой эле, иштеп жаткан мейманкана комплекстерининин натыйжалуулугун жогорулатууда, социалдык-экономикалык маселелердин натыйжалуу чечилишине жана экологиялык жактан аң сезимдин өсүшүнө да оң таасирин тийгизип, экономикалык маанисин арттырат.

**Диссертацияны коргоого коюлуучу негизги жоболору**.

- татаалдыгы жана түрдүүлүгү жагынан айырмаланган мейманканаларды башкаруу процесси такталып, илимий жактан системага салынды;
- Бишкек шаарынын мейманкана секторун өнүктүрүүнүн божомолу даярдалып, анын приоритеттүү багыттары аныкталды жана келген туристтердин мөөнөтүн арттыруунун мүмкүнчүлүгү иштелип чыкты;
- божомолдун негизинде Бишкек шаарынын мейманкана секторун өнүктүрүү боюнча бизнес модель жана мейманкана ишканаларынын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында "тең салмактуулук чамгарагы" аттуу усулу иштелип чыкты;
- коноктордун мейманканада коноктоо мөөнөтүн узартуу үчүн аймактагы туристтик ресурстар иликтенип, жаңы туристтик өнүмдөр сунушталды;

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Бишкек шаарынын мейманкана секторун өнүктүрүү боюнча бизнес моделин жана мейманкана бизнесинин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн "Тең салмактуулук чамгарагы" методу иштелип чыкты. "Хаускипинг: башкаруу жана уюштуруу" окуу китебинин автору, "Кыргызстанда иштеген жайгаштыруу ишканалардын өзгөчөлүктөрүн изилдөө жана классификация стандарттарын иштеп чыгуу", о.э «Кыргызстандагы мейманканалардын эко сертификация модели" аталышыдагы илимий изилдөө долбоорлоруна түздөн-түз катышкан. Учурда "Мейманканаларды башкаруу" окуу китебинин бөлүмдөрүн жазууда.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо.** Автордун диссертациялык ишинин изилдөөсүнөн алынган жыйынтыгы төмөнкүдөй эл аралык, республикалык конференция менен симпозиумдарда баяндоо жасалган: I Эл аралык түрк дүйнөсүнүн симпозиумунда (Турция, 2015); “Континенттер арасы туризмди башкаруу” MTCON’20 эл аралык конференциясы (Турция, 2020); 24 - Эл аралык түрк кооперативдер конгресси (Кипр, 2022); “Экономикалык реалдуулуктун жаңы чакырыктары” конференциясында (Бишкек, 2023); “Түрк элдеринин салттуу спорт оюндарынын XII эл аралык симпозиумунда” (Бишкек, 2023) баяндалып талкууланды. Андан сырткары, Бишкек шаарынын 32 мейманканасында бул илимий иште иштелип чыккан “Тең салмактуулук чамгарагы” методу опробациядан өткөрүлүп, тийиштүү сунуштар берилген.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу.** Диссертациянын негизги жоболору боюнча 16 макала, 11доклад, 2 монография жана 1 окуу пособиясы басылып, илимий изилдөөнүн негизги жоболорун, натыйжаларын жана мазмунун ачып берди. Кыргыз Республикасынын жана чет элдик ар кандай илимий басылмаларында чагылдырылды.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** Диссертациялык иш кириш сөздөн, үч бөлүмдөн, корутундудан, практикалык сунуштан, пайдаланган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Компьютердик терүү менен 193 беттен туруп, 25 таблицаны, 21 сүрөттү, 192 библиографиялык тизмени, 8 тиркемени камтыйт.

**ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛЫНДЫ:**

1. Асанова Кымбат Туратбековна «Бишкек шаарындагы мейманкана бизнесин башкарууну жакшыртуу» темасындагы кандидаттык диссертациясы жетишерлик жогорку деңгээлде даярдалып, толугу менен бүткөн баалуу илимий иш деп кабыл алынды. Кыргыз Республикасынын президентине караштуу улуттук аттестациялык комиссиясынын диссертациялык иштерге коюлган талаптарына жооп берет.

2. 08.00.05 – тармактык экономика адистиги боюнча эконо
илимдеринин кандидаты илимий даражасына изденүүгө көрсөтүлгөн изден
Асанова Кымбат Туратбековнанын «Бишкек шаарындагы мейманкана бизн
башкарууну жакшыртуу» темасындагы кандидаттык диссертация
диссертациялык кеңеште коргоого сунуштайт.

3. 08.00.05 – тармактык экономика адистиги боюнча кошумча кандидат
минимум программасын бекитет.

**Отурумдун төрайымы,**
“ЭПБ” кафедрасынын башчысы Г.О.Рысалиева
Э.и.к., доцент

**Отурумдун катчысы,**
Ага окутуучу А.Б.Сманова

КОЛУН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮНҮН БАШЧЫСЫ
ЗАВЕДУЮЩИЙ ОТДЕЛА КАДРОВ
«10» 05 20 ж.